КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ДОЛОНО АЙЫЛ КЕҢЕШ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
ДОЛОНСКИЙ АЙЫЛ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

2023-ж 26-январь № 4 Таш-Арык айылы

**Жергиликтүү жамааттардын уставын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администарция жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык Долоно айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекттик агентигинин 30.12.2022-жылдын №01-13/459 сандуу катын жетекчиликке алып, Долоно айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Э.Джускембаева берген маалыматын угуп, талкуулап чыгып Долоно айылдык кеңешинин 7-чакырылышын кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Долоно айыл аймагынын Жергиликтүү жаматтарынын типтүү уставы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жергиликтүү жамаатларынын типтүү уставынын айрым жоболорун турмушка ашыруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Жергиликтүү жамааттын уставын белгиленген тартипте иштеп чыгуу жана практикага киргизүү Долоно айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

4. Аталган токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.Абдышов**